Бекитемин: ____________
«Кыргызтест» мамлекеттик мекемесинин
Директору Б.Б. Топоева-Ставинская
«_14_» ___05___ 2018ж.

# Мамлекеттик тилди билүү деңгээлин «Кыргызтест» системасы боюнча баалоо тартиби

## 1-глава. Жалпы жоболор

1. Бул Жобо Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө» мыйзамынын 14-беренесине, «Мамлекеттик тил жөнүндө» мыйзамынын 9-беренесине ылайык иштелип чыгып, Кыргыз Республикасынын жарандарынын (окуучулар, студенттер, мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарына талапкерлигин койгон жана аларды ээлеп турган жарандардын саясий мамлекеттик кызмат орундарына талапкерлердин) жана Кыргыз Республикасында билим алууну же кандайдыр бир ишмердүүлүк менен алек болууну көздөгөн чет элдик жарандардын мамлекеттик тилди билүү деңгээлин аныктоону «Кыргызтест» системасы боюнча жүргүзүү шарттарын жана тартибин аныктайт.

2. Тест – тесттен өтүп жаткан жарандардын мамлекеттик тилди билүү деңгээлин объективдүү жана ачык-айкын аныктоо максатында өткөрүлөт.

3. Тест өткөрүүнүн объективдүүлүгү түзүлгөн шарттардын, жыйынтыктарды эсептөөнүн, берилген убакыттын жана тест мазмунунун стандарттуулугу аркылуу камсыз кылынат.

4. Кыргыз Республикасында жарандардын мамлекеттик тилди билүү деңгээлин аныктоо боюнча тест электрондук (компьютердик), онлайн жана тест тапшыруучу компьютерде иштей албаган учурда бланктык түрдө өткөрүлөт.

5. Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн аныктамасы: Кыргыз Республикасында жарандардын мамлекеттик тилди билүү деңгээлин «Кыргызтест» системасы боюнча баалоо – мамлекеттик кызмат.

6. Мамлекеттик кызмат көрсөтүүдө колдонулган терминдердин тийиштүү аныктамалары:

Кызмат – кызмат көрсөтүүчү менен керектөөчүнүн өз ара кызматташуусу, ошондой эле керектөөчүнүн керектөөсүн ишке ашыруу боюнча кызмат көрсөтүүчүнүн жеке аракетинин натыйжасы.

Социалдык-маданий кызмат – керектөөчүнүн руханий жана интеллектуалдык керектөөлөрүн канааттандырууга жана калыптанган